КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
БАТКЕН ОБЛАСТЫ
ДЕПУТАТТАРДЫН СҮЛҮКТҮ ШААРДЫК КЕҢЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
БАТКЕНСКАЯ ОБЛАСТЬ
СУЛЮКТИНСКИЙ ГОРОДСКОЙ КЕНЕШ ДЕПУТАТОВ

---

**Сүлүктү шаардык кеңешинин (жетинчи чакырылышы) кезексиз VII сессиясы**

**Токтом № 22**

**Сүлүктү шаары** **29.10. 2021-жыл**

**Сүлүктү шаарынын аймагындагы калктуу конуштардын таштандыларын ташып чыгаруу үчүн жыйымдарынын ченин бекитүү жөнүндө**

Сүлүктү шаарынын аймагындагы калктуу конуштардын таштандыларын ташып чыгаруу үчүн жыйымдарынын чени боюнча шаардык кенештин бюджет, экономика, инвестиция жана ишкердикти өнүктүрүү боюнча туруктуу комиссиясынын сунуштарын угуп жана талкуулап Кыргыз Республикасынын Салыктык эмес кирешелер жөнүндө Кодексинин 74,75,76-беренелеринин, Кыргыз Республикасынын “Жергиликтуу өз алдынча башкаруу жөнүндө” Мыйзамынын 31-беренесинин 4-пунктунун негизинде депутаттардын Сүлүктү шаардык кенеши

**ТОКТОМ КЫЛАТ:**

1. Сүлүктү шаарынын аймагындагы калктуу конуштардын таштандыларын ташып чыгаруу үчүн жыйымдарынын чени төмөнкүдөй өлчөмдө бекитилсин:

-юридикалык тараптар үчүн - 100 сом

-жеке ишкерлер үчүн - 100 сом

2. Сүлүктү шаарынын аймагындагы калктуу конуштардын таштандыларын ташып чыгаруу үчүн жыйымдарын бюджетке чегерүүнү, жыйноону жана төлөөгө көзөмөл жүргүзүү жагы мамлекеттик салык кызматынын Сүлүктү шаардык башкармалыгына милдеттендирилсин

3. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы шаардык кеңештин бюджет, экономика, инвестиция жана ишкердикти өнүктүрүү боюнча туруктуу комиссиясына жүктөлсүн

Төрага : - К.Мадаминов